**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2016-жылдын 1-чейрегиндеги абалы тууралуу отчет**

## 1. <u>Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар</u>

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2016-жылдын 1-чейреги үчүн ИДӨ көлөмү күндөлүк баада 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 2,4 пайызга төмөндөө менен 78,8 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын 1-чейрегинде 16,2 пайызга көбөйүү байкалган). 2016-жылдын 1-чейрегинде реалдуу ИДӨнүн төмөндөөсү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 4,9 пайызды (2015-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча көбөйүү – 6,3 пайызды) түзгөн. Мында ИДӨнүн төмөндөшүнө негизги салымды өнөр жай (-5,7 пайыз) сектору кошкон болсо, оң салымын соода, башка кызмат көрсөтүүлөр жана айыл чарба секторлору кошкон (тиешелүүлүгүнө жараша 0,8, 0,3 жана 0,1 пайыз).

**1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн өз ара байланышы**




Ошентип, 2016-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банктар аралык төлөм системасы аркылуу 722,9 млрд сом суммасында 882 925 төлөм өткөрүлгөн, бул өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 78,4 жана 22,4 пайызга көп болгон (2-график). Отчеттук мезгилдин жыйынтыгында төлөмдөрдүн багыттоо түрлөрү боюнча анын көлөмүнүн динамикасына талдап-иликтөөлөр, банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн өсүшү, негизинен банктык операциялар боюнча төлөмдөр көлөмүнүн 73,7 пайызга, анын ичинде автоматташтырылган тооруk системасы аркылуу (баалуу кагаздар, кредиттер жана чет өлкө валютасы менен операциялар) ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөрдүн өсүшүнөн улам жүргөндүгүн көрсөткөн.

**2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн сом)**




Отчеттук мезгил ичинде багыттоо түрлөрү боюнча банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болбостон, төмөнкүдөй түптөлгөн: төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар 89,1 пайызды түзүп негизги үлүштү ээлеген, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагы 7,5 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрү, активдер жана милдеттенмелери боюнча төлөмдөрү 3,4 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөр түзүмүндө кириш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 52,8 пайызда, ал эми чыгыш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 37,5 пайызда калыптанган, ошондой эле активдер жана милдеттенмелер менен ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөр 9,8 пайызды түзгөн.

Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жүгүртүлүшүнүн номинал боюнча суммардык көрсөткүчү 2016-жылдын 1-чейреги ичинде өткөн жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда 46,6 пайызга көбөйүү менен 54,3 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда бул көрсөткүч 15,9 пайызга төмөндөгөн). Бюджеттик төлөмдөр жүгүртүлүшүнүн өсүшүнө негизги салымын мамлекеттик бюджеттин төлөмдөрү кошкон (29,8 пайыз). 2016-жылдын 1-чейрегинде мамлекеттик бюджетке каралган төлөмдөр көлөмүнүн өсүшү 62,6 пайызды түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда бюджеттин кирешe бөлүгүнүн деңгээлинин өсүшүнөн улам келип чыккан (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда төлөмдөр көлөмүнүн төмөндөшү 2,5 пайызды түзгөн). Ошентип, 2016-

**3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы (млн сом)**




*2013-жылдын сентябрь айынан тартып методологияга карата өзгөртүлгөн ыкманын негизинде эсептелинген көрсөткүчтөр келтирилген

жылдын 1-чейрегинде бюджеттин жалпы кирешеси 2015-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу 32,4 млрд сомду түзүү менен 37,3 пайызга же 8,8 млрд сомго өскөн.

Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасы 2016-жылдын 1-чейреги ичинде, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 28,7 пайызга же 6,6 млрд сомго көбөйүү менен 29,7 млрд сомду түзгөн. Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасынын көбөйүшү субсидияларга, социалдык жөлөк пулдарга жана эмгекке төлөөгө кеткен чыгашалардын жогорулашы ж.б. чыгашалар (пайыздык төлөмдөр, стипендияга, гранттарга карата чыгаша) менен шартталган. Натыйжада, отчеттук чейрек ичинде банктар аралык төлөм системасы аркылуу жүзөгө ашырылган мамлекеттик бюджеттен чыгыш төлөмдөрүнүн көлөмү 2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 28,8 пайызга көбөйгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда төлөмдөрдүн көлөмү 19,5 пайызга төмөндөгөн).

## 2. Нак акча жүгүртүү боюнча түзүм

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2016-жылдын 1-чейреги үчүн 99,6 пайызды түзгөн жана 2015-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 3,6 пайызга азайган (2015-жылдын 1-чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 103,2 пайызда калыптанган).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жылышы

| Аймактардын аталышы | Келип түшкөн (млн сом) | | Берилген (млн сом) | | Кайтарымдуулук (пайыздар) | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2015-жыл I чейрек | 2016-жыл I чейрек | 2015-жыл I чейрек | 2016-жыл I чейрек | 2015-жыл I чейрек | 2016-жыл I чейрек |
| Бардыгы | 217 741,9 | 240 131,5 | 210 907,4 | 241 029,5 | 103,2 | 99,6 |
| Бишкек шаары | 108 454,3 | 108 208,9 | 100 996,9 | 105 392,2 | 107,4 | 102,7 |
| Баткен облусу | 10 198,6 | 13 566,2 | 10 361,3 | 13 633,1 | 98,4 | 99,5 |
| Жалал-Абад облусу | 22 371,9 | 25 659,8 | 23 183,8 | 26 929,2 | 96,5 | 95,3 |
| Ысык-Көл облусу | 10 312,5 | 13 581,0 | 10 653,9 | 14 177,6 | 96,8 | 95,8 |
| Нарын облусу | 4 262,6 | 5 965,9 | 4 660,6 | 6 585,9 | 91,5 | 90,6 |
| Ош шаары | 28 130,2 | 28 594,2 | 26 471,5 | 28 801,8 | 106,3 | 99,3 |
| Ош облусу | 9 472,8 | 11 499,1 | 9 654,2 | 11 607,0 | 98,1 | 99,1 |
| Талас облусу | 4 900,2 | 6 122,3 | 5 262,0 | 7 029,5 | 93,1 | 87,1 |
| Чүй облусу | 19 638,8 | 26 934,1 | 19 663,2 | 26 873,2 | 99,9 | 100,2 |

2015-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу 2016-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугунун өсүшү республиканын төмөнкү региондору боюнча жүргөн, алсак:

- Ош областы боюнча 1,0 пайызга;
- Баткен областы боюнча 1,1 пайызга.
- Чүй областы боюнча 0,3 пайызга;

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугунун төмөндөшү республиканын төмөнкү региондору боюнча жүргөн, алсак:

- Бишкек шаары боюнча 4,7 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча 1,0 пайызга;
- Нарын областы боюнча 0,9 пайызга;
- Талас областы боюнча 6,0 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча 1,2 пайызга;
- Ош шаары боюнча 7,0 пайызга.

2016-жылдын 1-чейреги үчүн нак акча кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 102,7 пайызды, Чүй областы - 100,2 пайызды , Ош шаары – 99,3 пайызды түзгөн. Ал эми анын эң төмөнкү көрсөткүчү Талас областында 87,1 пайызда калыптанган.



4-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (пайыздарда)

Коммерциялык банктардын кассаларына 2016-жылдын 1-чейрегинде келип түшкөн нак акчанын суммасы 240 131,5 млн сомду түзгөн, анын 2015-жылдын ушул эле чейрегине салыштырмалуу 10,3 пайызга көбөйгөндүгү байкалган.

Негизги булактар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акчалардын келип түшүүсү төмөнкүчө:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, аманат кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 107 711,6 млн сом келип түшкөн, көбөйүү 17,7 пайызды түзгөн (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 91 526,0 млн сом);
- товарларды сатуудан – 13 801,9 млн сомду түзгөн, төмөндөө 10,6 пайызда калыптанган (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 15 442,3 млн сом);
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 25 489,6 млн сомду түзгөн, көбөйүү 17,6 пайызда калыптанган (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 21 673,5 млн сом);

- локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 16 650,6 млн сомду түзгөн, көбөйүү 10,7 пайызда калыптанган (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 15 039,3 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөрдөн жана аткарылган иштерден – 16 538,5 млн сомду түзгөн, төмөндөө 1,5 пайызда калыптанган (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 16 782,9 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатуудан нак акчанын келип түшүшү – 14 655,3 млн сомду түзгөн, төмөндөө 24,5 пайызда калыптанган (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 19 404,7 млн сом).

**5-график. 2015-жылдын 1-чейреги ичинде ком. банктардын кассаларына келип түшкөн акча каражаттардын негизги булактары (млн сом)**




**6-график. 2016-жылдын 1-чейреги ичинде ком. банктардын кассаларына келип түшкөн акча каражаттардын негизги булактары (млн сом)**




<u>Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча</u> 2016-жылдын 1-чейреги үчүн 241 029,5 млн сомду түзгөн, бул 2015-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 14,3 пайызга көбөйгөн.

2016-жылдын 1-чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары төмөнкүлөрдү түзгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, аманат кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 107 225,4 млн сом берилген, көбөйүү 20,4 пайызды түзгөн (2015-жылдын 1-чейреги үчүн– 89 031,4 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр 9 701,4 млн сом берилген, көбөйүү 8,4 пайызды түзгөн (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 8 953,6 млн сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн – 38 079,4 млн сом берилген, көбөйүү 23,1 пайызды түзгөн (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 30 938,2 млн сом);
- локалдык акча которууларды төлөөгө 16 131,6 млн сом берилген, көбөйүү 10,0 пайызды түзгөн (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 14 667,3 млн сом);
- товарлар үчүн төлөөгө 2 181,0 млн сом берилген, төмөндөө 11,0 пайызды түзгөн (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 2 450,3 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатып алууга 25 067,2 млн сом берилген, көбөйүү 0,1 пайызды түзгөн (2015-жылдын 1-чейреги үчүн – 25 034,2 млн сом).
- эмгек акыларды төлөөгө 2 670,2 млн сом берилген, төмөндөө 14,4 пайызды түзгөн (2015-жылдын 1-чейреги үчүн эмгек акыларды төлөөгө 3 120,9 млн сом берилген).

**7-график. 2015-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн сом)**




**8-график. 2016-жылдын 1-чейреги ичиндеги коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн сом)**




## 3. <u>Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү</u>

- **<u>Майда чекене жана үтүрүмдүк төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы</u>**

Улуттук банк, 25 коммерциялык банк жана алардын 333 филиалы Пакеттик клиринг системасынын катышуучуларынан, ал эми «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК – адистештирилген катышуучусунан болгон.

2016-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **23 827,7 млн сом** чегинде катталып:

- өткөн чейрекке салыштырганда 27,6 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 22,2 пайызга көбөйгөн.

2016-жылдын 1-чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **809 090** төлөмдү түзүп:

- өткөн чейрекке салыштырганда 8,4 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 22,4 пайызга көбөйгөн.

9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)




- **<u>Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары - эсептешүүлөрдүн гросстук системасы)</u>**

2016-жылдын 1-чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **699 061,4 млн сомду** түзүү менен:

- өткөн чейрекке салыштырганда 25,2 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 81,2 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп, эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2016-жылдын 1-чейреги ичинде **73 835 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 30,8 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 21,7 пайызга көбөйгөн.

10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)




- **Банктык төлөм карттар рыногу**

2016-жылдын 31-мартына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү иш алып барып жаткан 25 банктын ичинен 22 банк сунуштаган, анын ичинен 13 банк жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 18 банк эл аралык төлөм системасынын карттарынын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*<u>Банктык төлөм карттар эмиссиясы.</u>*

2016-жылдын 31-мартына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны **1 284,3** миңди түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 7,2 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карттардын саны 31,5 пайызга өскөн.

11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны




12-график. 2016-жылдын 31-мартына карата облacттар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны (миң)



Төлөм карттар түрлөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

| | |
|---|---|
| • **Эл аралык системалар** | **960 969 (74,8%):** |
| - «Visa» | 422 517 (32,9%); |
| - «Master Card» | 14 664 (1,1%); |
| - «Золотая корона» (Россия) | 494 574 (38,5%); |
| - « Union Pay International» | 12 822 (1,0%); |
| - «Элкарт-UPI» | 16 392 (1,3%). |
| • **«Элкарт» улуттук системасы** | **323 311 (25,2%).** |

*Банктык төлөм карттар эквайринги.*

2016-жылдын 1-чейрегинин акырына карата абал боюнча иштеп турган терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча бөлүштүргөндө төмөнкүдөй катталган:

- «Элкарт» улуттук системасы боюнча 458 банкомат жана 1 708 терминал;
- Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча 479 банкомат жана 2 670 терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча 364 банкомат, 1 748 терминал.

Бүтүндөй алганда, банктык төлөм карттар, республиканын бардык аймагында орнотулган **1 301 банкоматта жана 6 126 терминалда** тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 26,6 пайызды же 273 банкоматты, ал эми терминалдардын - 24,5 пайызды же 1 205 терминалды түзгөн).







*Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы.*

2016-жылдын 1-чейрегинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **26 201,8 млн сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 9,7 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 29,0 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга 25 212,6 млн сом туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 96,2 пайызын ээлеген. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 9,8 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 28,7 пайызга көбөйгөн. Соода тейлөө ишканаларындагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 989,1 млн сомду түзгөн (бул жүзөгө ашырылган бардык операциялардан 3,8 пайызды ээлейт). Өткөн чейрекке салыштырганда ишке ашырылган операциялардын көлөмү 6,0 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 36,2 пайызга көбөйгөн.

2016-жылдын 1-чейрегинде картты пайдалануу менен **5,6 млн ашуун транзакция** ишке ашырылган. Өткөн чейрекке салыштырганда операциялардын саны 5,7 пайызга азайып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 27,2 пайызга өскөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келген – 4 982,4 миң транзакция, бул бардык операциялардын жалпы санына карата 89,2 пайызды түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 6,8 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 26,8 пайызга көбөйгөн.

Соода тейлөө ишканаларында орнотулган терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 602,1 миң транзакцияны түзгөн (бул ишке ашырылган бардык операциялардан 10,8 пайыз). Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 3,9 пайызга көбөйгөн болсо, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 31,2 пайызга өскөн.

- **Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, «Telex», «Банк-Клиент», «E-Клиент» ж.б. ушул сыяктуу системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында банктар көбүнчө чек ара

аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын пайдаланышкан.

2016-жылдын 1-чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 13 түрү боюнча ишке ашырылган. Ушул эле жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 177,0 млрд сомду (бул көрсөткүч 2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 36,4 пайызга азайып, 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 22,2 пайызга азайган), ал эми чыгыш төлөмдөрүнүн жалпы көлөмү 208,1 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 29,7 пайызга, 2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 13,2 пайызга азаюу жүргөн).

- **Акча которуулар**

2016-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча эл аралык жана локалдык системалары аркылуу акча которуулар жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 24,2 млрд сом жалпы суммасында 1 498 219 түзгөн (2015-жылдын 4-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 22,6 жана 1,9 пайызга азаюу жүргөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 19,6 пайызга жана 23,1 пайызга көбөйүү туура келген). Чыгыш которуулардын саны 7,2 млрд сом жалпы суммасында 115 021 түзгөн (2015-жылдын 4-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 12,1 пайызга жана 10,8 пайызга азаюу болгон, ал эми 2015-жылдын 1-чейрегинин көрсөткүчүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 1,1 пайызга азаюу жана 14,6 пайызга көбөйүү жүргөн).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмү боюнча эң чоң салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген, мында кириш которуулар жалпы көлөмдүн 41,4 пайызын, ал эми чыгыш которуулар жалпы көлөмдүн 61,1 пайызын ээлеген.

**15-график. 2016-жылдын 1-чейреги ичинде областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)**




**16-график. 2016-жылдын 1-чейреги ичинде областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)**




Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

### *1) АКШ долларында акча которуулар*

2016-жылдын 1-чейрегинде кириш которуулардын жалпы саны 85,4 млн АКШ доллар суммасында 144 320 түзгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 37,4 жана 19,8 пайызга азаюу жүргөн; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 6,9 пайызга азаюу жана 4,3 пайызга көбөйүү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 46,2 млн АКШ доллар суммасында 36 230 түзгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша азаюу 13,8 пайызды жана 16,8 пайызды түзгөн; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 18,8 пайызга азаюу жана 0,6 пайызга көбөйүү белгиленген).

17-график. Валюталар боюнча кириш акча которуулар (млн сом)




18-график. Валюталар боюнча чыгыш акча которуулар (млн сом)




### 2) *Евро валютасында акча которуулар*

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 2,1 млн евро жалпы суммасында 5 851 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 10,9 пайызга жана 4,4 пайызга азаюу белгиленген; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 8,7 пайызга жана 20,4 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 0,8 млн евро жалпы суммасында 766 түзгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 8,2 пайызга жана 10,2 пайызга азаюу белгиленген; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 38,4 пайызга жана 6,8 пайызга азаюу байкалган).

### 3) *Орус рублинде акча которуулар*

2016-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча 17,0 млрд рубль суммасында 1 334 679 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 8,9 пайызга азаюу жана 2,8 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 34,2 пайызга жана 26,1 пайызга көбөйүү байкалган). Мындан тышкары 3,5 млрд рубль суммасында 72 522 чыгыш которуулар ишке ашырылган (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 0,05 пайызга жана 7,7 пайызга азаюу белгиленген; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 11,1 жана 14,9 пайызга көбөйүү жүргөн).

### 4) *Казак теңгесинде акча которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде 93,0 млн теңге суммасында 1 933 кириш которуулар ишке ашырылган (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 34,7 пайызга жана 18,3 пайызга азайган; ал эми өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 23,1 пайызга жана 39,3 пайызга азайган). Чыгыш которуулар 76,0 млн теңге суммасында 766 төлөм жүргүзүлгөн (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 14,5 пайызга азаюу жана 21,6 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 2,5 эсе жана 2,1 эсе көбөйүү байкалган).

### 5) *Кыргыз сомунда которуулар*

2016-жылдын 1-чейреги ичинде 272,9 млн сом суммасында 11 436 кириш которуулар ишке ашырылган (2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 36,6 жана 71,4 пайызга азаюу жүргөн; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 2,8 эсе көбөйүү жана 10,6 пайызга азаюу байкалган). Чыгыш которуулардын саны 166,7 млн сом суммасында 4 737 түзгөн. 2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 10,6 пайызга жана 11,1 пайызга азаюу байкалган; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 574,6 эсе же 166,4 млн сомго жана 315,8 эсе же болбосо 4 722 которууга көбөйүү жүргөн.